Жобо ИТЭИнин
Окумуштуулар кеңешинде
каралып, бекитүүгө сунушталган
протокол № 23/11
“ 29 ” инюь 2023-ж.

Бекитем
ИТЭИнин ректору
х.и.к., доцент Барпыбаев Т.Р.
_____________
“19” ___________ 2023-ж.

## Инновациялык технологиялар жана энергетика институтунун (ИТЭИ) күндүзгү окуу бөлүмүндө окуган студенттерге окуу төлөмдөрүнөн жеңилдиктерди берүү боюнча
## Жобо

Кыргыз Республикасынын билим-илим жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан 2005- жылдын 27-октябрындагы №709/1 буйругу менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын ЖОЖнун, атайын кесиптик билим берүүчү орто окуу жайларынын студенттерине окуу төлөмдөрүнөн жеңилдик берүү боюнча бирдиктүү мамиле жөнүндөгү" көрсөтмөсүнө ылайык Инновациялык технологиялар жана энергетика институту (ИТЭИ) "Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндөгү" мыйзамынын, укуктук-нормативдик актыларынын негизинде студенттерге окуу төлөмдөрүнөн жеңилдик берүүнүн төмөнкүдөй тартибин киргизет:

### 1. Жалпы жоболор

1.1. Окуу төлөмдөрүнөн жеңилдик берүү жаңы окуу жылдын биринчи октябрына чейин жүргүзүлөт.

1.2. Ректордун буйругу менен түзүлгөн социалдык жеңилдиктер боюнча комиссия окуу төлөмдөрүнөн жеңилдик алуу үчүн берилген иш кагаздарын карап чыгып, комиссия чечимин окуу жайдын жетекчисине сунуштайт.

1.3. Окуу төлөмдөрүнөн бошотуу ректордун буйругу менен бекитилет.

1.4. Күндүзгү бөлүмдө окуган төмөнкү категориядагы студенттерге жеңилдиктер берилет:
- тоголок жетим жана ата-энесинен кароосуз калган студенттерге - 100%;
- биринчи-экинчи группадагы майып студенттерге - 100%;
- Кыргыз Республикасынын аймагында согуштук-аскердик иштерге катышкан студенттерге - 50%;
- жалгыз бой энелердин кароосундагы студенттерге - 50%;
- өзгөчө ирээтинде кечиктирилгис жардам керек болгон учурда.

1.5. Жогорудагы көрсөтүлгөн жеңилдиктер берилген өзгөчө категориядагы студенттерден башка студенттерге, окуусунун, тартибинин жыйынтыгы менен төмөндөгү социалдык жактан жеңилдиктер берилет:
- эгерде студент бир семестрде 100% сабактарга катышса. катардагы сессиялардагы предметтердин баарын окуу процессинин жадыбалыпа ылайык өз убагында толук тапшырса, ал студентке жарым жылдык окуу акысынан 40% жеңилдик берилет;
- эгерде студенттин калтырган сабактары бир семестрде 25% жогору болбосо жана катардагы сессияда 2 (эки) предметин өз убагында тапшыра албай, кайра тапшыруу шарты менен өтсө, анда ал студентке жарым жылдык окуу акысынан 25% жеңилдик берилет;

- социалдык жактан колдоо көрсөтүү боюнча жеңилдиктерди берүү ар бир семестрдин жыйынтыгы менен чыгарылат.

## 2. Социалдык жеңилдик алууга керектелүүчү негизги иш-кагаздар

2.1.Жетим, ата-энесинен кароосуз калган студенттер:
- ректордун наамына жазылган арыз;
- паспорт;
- ата-энесинин өлгөндүгү тууралуу күбөлүк, же аларды ата-энелик укуктан ажыраткан соттун чечими;
- башка иш кагаздары (үй-бүлөсү тууралуу тактама, мыйзамдуу өкүлдөр тууралуу маалыматтар);

2.2.Биринчи жана экинчи группадагы майыптар:
- ректордун наамына жазылган арыз;
- эмгекке жарамсыз экендигин далилдеген ВТЭКтин чечими;
- пенсиялык күбөлүк;

Жогорудагы аталган бардык иш кагаздарын туура, аныктыгы үчүн социалдык жеңилдиктер боюнча комиссиянын төрагасы (төрайымы) жооптуу болот.

## 3. Женилдиктерди берүүнүн тартиби

3.1. Жеңилдиктер бир гана окуу жылына берилет.

3.2. Жеңилдик алууну каалаган студенттердин арыздарын кароо үчүн атайын социалдык жеңилдиктер боюнча комиссия кеңешме өткөрүп, чечим кабыл алат. Чечим ИТЭИнин Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитилет.

3.3 Бекитилген чечимге социалдык жеңилдиктер боюнча комиссиянын төрагасы (төрайымы) ректордун наамына билдирүү жолдойт. Билдирүүнүн негизинде ректор буйрук чыгарат.

3.4. Окуу төлөмдөрүнөн бошотуу окуу жайдын Уставына ылайык каржылык мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле студенттин, ата-энеси (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) материалдык абалын эске алуу менен жүргүзүлөт. Жеңилдик берүү күндүзгү окуу бөлүмүндө окуган студенттердин курсуна карабайт.

3.5.Жобого туура келбеген студенттердин арызы канаатташдырылбайт.

## 4. Социалдык жеңилдиктер боюнча комиссиянын курамы

4.1. ИТЭИнин социалдык женилдиктер боюнча комиссиясынын курамына төмөнкүлөр кирет:

- тарбиялык иштер жана социалдык маселелер боюнча жооптуу
  - комиссиянын терагасы (терайымы);
- ИТЭИнин I-проректору – мүчө;
- ИТЭИнин башкы эсепчиси - мүчө;
- ИТЭИнин кесиптик кошундун төрагасы (төрайымы) - мүчө;
- жаштар комитетинин төрагасы (төрайымы) - мүчө;

*ИТЭИнин социалдык жеңилдиктер жобосу ИТЭИнин Окумуштуулар Кеңешинде каралып, институттун ректору тарабынан бекитилет.*